# Базарлар



Автор: Талгат Деркембаев

# Базарлар

Автор: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы
(https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган. Төмөндө көрсөтүлгөн учурлар камтылбайт.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Базарлар" (кыргыз тилинде), автор Талгат Деркембаев

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат.
Мукаба бет Iuliia Koneva , © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 1- бет kentoh, © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 1-бет denisgo, © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат..; 2-бет. Omri Eliyahu, © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 3-бет Oliver Foerstner, © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 4-Matyas Rehak , © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 5-бет Ron Ramtang , © 2021 www.shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 6-Cholpan, © 2021 www.shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 7-бет MehmetO, © 2021 www.shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 8-бет Thiago B Trevisan, © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 9-бет Oliver Foerstner, © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 10 -бет Maxx-Studio, © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 10-бет Kaspars Grinvalds, © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 11-бет Viacheslav Lopatin, © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат..

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Байыртан адамдар бири-бири менен соода алакаларын түзүп келишет. Алгач алар товарларды алмашуу жолу аркылуу соода кылышкан. Товарларды алмашууда адамдардын кызыкчылыгы эске алынган.

Бардык адамдар өндүргөн товарларын алмашып, өздөрүнө керектүү буюм-тайымдар, кийим-кече, азык-түлүк менен камсыз болушкан. Кийинчерээк адамдар соода кылыш үчүн акчаны ойлоп табышкан. Алгачкы акчалар жез, күмүш, алтындан жасалган. Кийинчерээк кагаз акчалар чыккан.

Акча пайда болгондон кийин дүйнөнүн бардык жерлеринде соода жайлары ачылган. Ачык асман алдындагы мындай жерлерди “базар” деп атай башташкан.



Базарда соодагер товарын акчага сатат. Саткан товарын акчага алмаштырып, кирешесине кайра көбөйтүп товар алат. Соодагерлер менен кардарлар ар дайым бири-бири менен байланышта болушат.

Керектүү азыгы же буюму түгөнгөндө, кардарлар кайрадан базарга келишет. Соода (алуу-сатуу) ушундай жол менен жүргүзүлөт. Ошентип, биздин жашообуз сатуу жана сатып алуу менен коштолот.




Сатылып жаткан товардын түрлөрүнө жараша базарлар да бөлүнөт.

Күндөлүк тиричиликке керектүү товарлар сатылган базарлар болот. Буюм-тайымдар, кийим кече, азык-түлүк, жаңы технологиялар сатылган аралаш базарлар да бар.

Жашылча-жемиш сатылган дыйкан базарлары бар. Ошондой эле мал базарлар да болот.

Кээ бир дем алыш күндөрдө соодагерлер атайын жарманкелерди уюштурушат.




Өлкөбүздүн аймагында көптөгөн базарлар бар. Мисалы, баш калаабыз Бишкекте “Ош”, “Аламүдүн”, "Орто-Сай”, “Дордой” сыяктуу базарлар бар.

Түштүктөгү эң чоң соода жайы – бул эл аралык мааниси бар Кара-Суу базары. Бул базарларга эл тынымсыз агылып келип-кетип турат.

Сатылып жаткан товарлар түрлөрүнө жараша атайын катарлар болот. Мындай катарларда азык-түлүк, эт, жаңгак, мейиз, таттуулар, сүт азыктары, дан азыктары жана көбүнчө нан сатылат. Ал эми кийим жана чарба буюмдарын сатуу үчүн күркөлөр жана дүкөндөргө орун берилген.

Базардын ичинде улуттук тамак-аш саткан ашканалар да бар. Ашканаларда шишкебек, палоо, лагман, шорпо, самса, манты, бешбармак сыяктуу даяр тамактар кардарларга сатылат.



Жергиликтүү калк базардан эң керектүү товарларды сатып алат. Өзгөчө жашылча-жемиш, мөмө-жемиш, эт, күндөлүк турмушта керектелүүчү буюмдар, кийим-кече ирети менен тизилип же илинип турат.

Базардан дээрлик каалаган нерсеңдин баарын таап, сатып алууга болот. Базардагы текчелер эч качан бош турбайт. Ар дайым кардарлар бул жерден өздөрүнө керектүү буюм-тайымдарды, азык-түлүктөрдү таба алышат.



**Кол өнөрчүлүк катары**

Мындан сырткары, базарда кол өнөрчүлүк катарын көрүүгө болот. Кол өнөрчүлөр кээ бир буюмдарын ошол жерден жасап сатышат.

Бул катардан алтын, күмүш, жыгач буюмдарды табууга болот. Уздардын колунан чыккан не бир керемет кийимдер да көздүн жоосун алат.



**Мал базарлар**

Кыргызстанда көпчүлүк эл мал чарбачылыгы менен алектенет. Ошол себептен мал базарларда да соода кызуу жүрөт. Мал базарларда төрт түлүк мал (жылкы, уй, кой, эчки) сатылат.

Мындан тышкары, тоок, үндүк, өрдөк, каз сыяктуу канаттуулар да сатылат. Мал чарбачылыгын кесип кылгандар жана соодагерлер мал сатуу аркылуу көптөгөн кирешелерди табышат.



**Дыйкан базары**

Дыйкандар өндүргөн товарларын эл жыш жайгашкан шаарларга алып келип сатышат. Кыргызстандагы эң чоң дыйкан базары Бишкек шаарында жайгашкан. Бул базарга өлкөнүн булуң-бурчунан жана чет өлкөлөрдөн жашылча жемиштерди, мөмө-жемиш жана цитрус өсүмдүктөрүн алып келип сатышат.

Дыйкан базарында эч качан товар аз болбойт. Базардын ичине кирсең, дүр-дүйүмдүн баарын көрөсүң. Дыйкан базары – эң берекелүү базар.




Дордой – Борбордук Азиядагы эң чоң базарлардын бири. Бул базардын аянты 100 га жерди ээлейт. Базарда кырк миңден ашуун соода түйүнү бар. Дордой базарында элүү беш миң адам соода кылат.

Дордой бир эле күн иштебейт. Ал күн – 1-январь. Калган күндөрү базар тынбай иштеп турат. Дордой базарында көбүнчө Кытайдан келген товарлар жана жергиликтүү өндүрүшчүлөр өндүргөн товарлар сатылат.

Өлкөгө сырттан келген товар **импорт** деп аталат. Ал эми өлкөдөн сыртка кеткен товар **экспорт** деп аталат. Көптөгөн чет элдик соодагерлер Дордойго келип соода кылып кетишет.







Азыркы учурда виртуалдык базарлар деген түшүнүк пайда болду. Соода кылуу үчүн интернет дүкөн деп аталган интернет сайттар адамдарга кызмат көрсөтүшөт.

Кардар интернет аркылуу сайттарга кирип, товарлардын түрлөрүн көрөт. Ал өзүнө жаккан товарга буюртма берип, алдырууга мүмкүнчүлүгү болот. Интернет дүкөндөрдө товарлар жөнүндө маалымат кенен көрсөтүлөт. Ар бир товардын сүрөтү, мүнөздөмөсү сайтта жазылат.

Мындай базарлардын катарына “Амазон”, “Алиэкспресс”, "Алибаба, "Светофор" аттуу чоң-чоң интернет дүкөндөрдү киргизсек болот. Виртуалдык базарлардын жакшы жактары абдан көп. Булар келечектин базарлары болот.




Чыгыш өлкөлөрүнүн базарлары экзотикалык көп түрдүүлүгү менен айырмаланат. Тээ байыркы Улуу Жибек жолунун салты менен соода жүргүзгөн соодагерлер базарларды көркүнө чыгарып турат.

Өлкөбүз да соода кылууга ыңгайлуу жерде жайгашкан. Акыркы учурда сатуучулар да соода маданиятын жакшы үйрөнүп, кардарларга сылык мамиле жасашат.

Базарсыз, дүкөндөрсүз биздин жашообуз өтпөйт. Себеби биздин тиричиликтеги бардык муктаждыктарыбыз базарда канааттандырылат.

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ


Автор: Наргиса Карасартова
Сүрөтчү:Светлана Насымбатова


Колдонулган сүрөттөр www.stutterstock.com сайтынан алынган

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | **4.2 деңгээли** |